**Шарыпбек Абдылдаев орто мектебинин 2018-2019-окуу жылында өтүлгөн Өндүрүштүк кенештин**

ПРОТОКОЛУ

Күнү : 30.10.2018 Кара-Тоо айылы

Катышкандар : Мектеп администрациясы мугалимдер коллективи.

Күн тартиби:

1-маселе: Көмөкчү чарбаны түзүү жана иштетүү

Сүйлөдү: мектеп директору Т.Исаев Бүгүнкү жыйналышыбыздын темасы көмөкчү чарбаны түзүү жана иштетүү .Бул боюнча азыр ар кандай пикириңиздерди айтат болушуңуздар керек.

Азыркы учурда Кыргызстандын экономикалык абалын түшүнүп, көрүп жатасыздар Өзүңүздөр билгендей мектептин экономикалык абалы начар,жөнөкөй эле мисалы мектепте ксерокопия жок иштебей калган ,аны бизге алып бергенге мамлекеттин мүмкүнчүлүгү жетпейт, Биздин ишибиз кагаз жүзүндө болгондуктан ксерокопиясыз жашоону элестетүү кыйын. Аны бизге алып бергенге мамлекеттин мүмкүнчүлүгү жетпейт. Ал үчүн өзүбүз аракет кылышыбыз керек Былтыр мектепке Семиз Бел айыл өкмөтү тарабынан 1гектар жер бөлүнүп берилген.
Ал жерди бош калтырбай картошка же чөп айдайбызбы иштетишибиз керек . Жакында жалпы ата-энелер чогулушун өткөрүп, балдарды эмгек практикасына тартууну түшүндүрсөк жана ошондой эле окуучулар менен биргеликте чогуу иш алып баралы. Ошондуктан берилген жерге картошка айдасак деген сунушум бар. Жерди иштетип түшкөн кирешеге төмөнкү айтып өткөндөй керектүү техникалык буюмдарды сатып алууга жана ошондой эле окуучуларга кызыктыруучу сыйлыктарга жумшасак. Сиздердин ой пикир сунуштарыңыздар менен бир жакшы жыйынтык чыгат деген ойдомун.

Сүйлөдү: Турсуналиев Ш . Мектепке берилген жерди бош калтырбай иштеткенибиз туура, менин айта турган сунушум тигиле турган үрөндүк картошканы азыр сатып алып даярдап коюш керек да, жазында картошканы тигип өзүбүз мугалимдер жамааты окуучулар менен биргеликте иш алып баралы.

Сүйлөдү: Байматова Д. Жерге картошка айдап иштетели .Бирок ошол иштете турган жерге бир кишини көзөмөл кылып туруугa мисалы картошканын чөбүн отоо жана, картошканы терүү сыяктуу иштерди жоопкерчиликтүү Шейшен агайды шайлап алалы, анткени агай иштин көзүн билет деп ишенем.

Сүйлөдү: Бугубаева А .Жерге картошка тигип иштете турган болсок, бирдей сорттогу тукумдук картошканы алышыбыз керек да убагында жалпы баарыбыз иштеп берсек жакшы түшүм алуу менен бирге мектепке жакшы киреше кирет деген ойдомун.

Сүйлөдү: Шакирова Ж Мурун мектепте эмгек практикасы деген болор эле, мектепке тиешелүү жерлерге эмне эгилип айдалса мектеп окуучулары менен мугалимдер чогуу иш алып барып турушкан, ошондуктан мен айтар элем мугалимдер, окуучулар менен бирге чогуу иш алып барсак жакшы болмок деп айтат элем.

Сүйлөдү: Акматова М. Көмөкчү чарбаны иштетүүдөө менен сунушум; ишти өз учурунда өзүбүз окуучулар менен милдеттүү эмгектенип жогоруда айтылгандай түшкөн кирешени мектепке керектүү нерселерге жумшасак жакшы болмок.

Жогоруда айтылган ой пикир, сунуштарды угуп, кеңири талкуулап өндүүштук кеңеш

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Көмөкчү чарбаны уюштуруу мектеп администрациясына милдеттендирилсин.
2. Көмөкчү чарбада иштөөгө мугалимдер, тех.кызматкерлер жан ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) макулдугу менен окуучулар тартылсын.
3. Көмөкчү чарбанын жетекчиси болуп Турсуналиев Шейшен дайындалсын. Ал коомдук башталыштардын негизинде иш алып барсын.
4. Көмөкчү чарбанын акча маселеси боюнча ишти мектептин финансы комиссиясы мыйзамдардын негизинде жүргүзсүн .

Өндүрүштүк кеңештин төрагасы Т. Исаев

Катчы: Жолдошбаева Н.